# ММК фондунун 2025 жылдын 1 кварталында жарандар менен жүргүзүлгөн иштери

Мамлекеттик кепилдиктер программасы, дары-дармек менен камсыз кылуунун кошумча программасы боюнча медициналык жардам алууда алардын укуктары жөнүндө, ММК Полиси жөнүндө, ММК фонду жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан үзгүлтүксүз негизде коомчулук менен жолугушуулар уюштурулуп жана өткөрүлүп турат. 2025 жылдын 1 кварталында бардыгы болуп 281 жолугушуу уюштурулду жана өткөрүлдү, анын ичинен калк жана бир катар өкмөттүк эмес уюмдар жана айылдык ден соолук комитеттери менен 116 жолугушуу, медициналык кызматкерлер менен 165 жолугушуу. Республикалык жана жергиликтүү телеканалдар боюнча –23 чыгып сүйлөө, радиодо – 7, басма сөздө – 4 жарыялоо болгон.

ММК системасынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, ММК фонду үчүнчү деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынын (Улуттук хирургия борбору, Улуттук Госпитал, Улуттук кардиология жана терапия борбору, Улуттук онкология жана гематология борбору, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, Республикалык психиатрия жана наркология борбору) медициналык кызматкерлери менен жолугушууларды өткөрдү.

ММК Фондунун социалдык тармактарда Facebook (https://www.facebook.com/fomsKG/), –Instagram (https://www.instagram.com/foms_kg/) жана Telegram-каналда (https://web.telegram.org/k/) расмий аккаунттары бар. Жалпысынан 2025-жылдын 1-кварталында ММК фондунун сайтында 54 пресс-релиз, маалымат агенттиктеринде 87 жаңылык материалдары, социалдык тармактарда 145 билдирүүлөр, 14 видео-релиздер даярдалган жана жайгаштырылган. ММК фонду менен келишим боюнча иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдарында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалымат такталарында ММК фондунун 113 ишеним номуруна кайрылуу жөнүндө маалымат жазылган плакаттар илинген.

Камсыздандырылган жарандардын медициналык кызматтарды алуудагы артыкчылыктары жөнүндө видеороликтер "ЭЛТР", "Мир", ТВ каналдары аркылуу, ошондой эле "Кыргызавтобекет", "Кыргызтемир жолу" мамлекеттик ишканасынын, "Манас"эл аралык аэропортунун күтүү залдарында көрсөтүлөт. Мындан тышкары, маалымат роликтерин көрсөтүү күн сайын саламаттыкты сактоо уюмдарынын залдарында жана ден соолукту чыңдоо кабинеттеринде орнотулган телевизорлор аркылуу, ошондой эле социалдык тармактарда жүргүзүлөт.